*Идаева А.Б.*
*Кыргызско-Турецкий Университет Манаса*

# «МАНАС» ЭПОСУ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АДЕПТИК-ЭТИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНҮЙРӨНҮҮНҮН БУЛАГЫ КАТАРЫ

# ЭПОС «МАНАС» КАК ИСТОЧНИК ИЗУЧЕНИЯ ЭТИЧЕСКОЙ КИРГИЗСКОЙ КУЛЬТУРЫ

*Idaeva A.B.*

# «MANAS» EPOS AS THE SOURCE OF LEARNING ETHICAL KYRGYZ CULTURE

***Аннотация:*** *Макалада этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн негизинде адамдын адептүүлүгүнө анын алган тарбиясынын, моралдык этикалык түшүнүктөрүнүн, ыймандык ынанымдарынын күзгүсү катары кабылданып, ушул мүнөздөмөлөр менен шартталган.Ошондой «Манас» эпосундагы тарбиялык мааниндеги жалпы адамзаттык идеялардагы этикалык мааниге ээ, эне тили, Ата мекени,нарк насили – адам турмушун туура баштоонун негизги жоболору, адеп-ахлак, жүрүш-туруш менен жан дүйнөнүн тең келиши, өзүнчө гармонияга ээ болушунун өзү этикалык мааниге ээ.*

***Аннотация:*** *Данная статья посвящена этнопедагогическому анализу таких традиционных понятий как «нравственность», «этичность», кыргызов. На основе эпоса «Манас» проанализированы характерные особенности нравственно-воспитанного человека, в частности его понимания таких компонентов, которые и составляют понятие «нравственности», как родители, родина, родной язык, ум и знание, труд и общественные нравы.*

***Abstract:*** *This article is focused on ethno-pedagogical analysis of traditional concepts such as “moral”, “ethics”, “moral-ethical education” of Kyrgyz people. On the basis of the epic “Manas” features peculiar to morally educated person, in particular ways of his/her understanding such components of the concept “moral”, such as parents, motherland, native language, intellect and knowledge, labor and social morality were analyzed.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Этнопедагогика, адептик-этикалык маданият, «Манас» эпосу, Ата мекен,нарк насил.*

***Ключевые слова:*** *Этнопедагогика, нравственная-культура,эпос «Манас», родина, родной язык, общественные нравы.*

***Key words:*** *Ethnopedagogics, nravstvennaya-culture, the epic "Manas", the homeland, native language, social mores.*

Кыргыз элинде адамдын адептүүлүгү анын алган тарбиясынын, жорук-жосунунун, моралдык этикалык түшүнүктөрүнүн, ыймандык ынанымдарынын күзгүсү катары кабылданып, ушул мүнөздөмөлөр менен шартталгандыктан, элдин аң сезиминде «адеби менен болуу», «адеби менен сүйлөө», «адептенүү» деген түшүнүктөр жогору бааланат жана бул түшүнүк «Адам көркү – адеп», «Адеби жоктун аты жөнүн сураба», «Адептүү – алкыш алат, адепсиз – каргыш алат», «Адеби жок жигит жүгөнү жок атка окшойт» деген макалдарда аксиоматикалык деңгээлге көтөрүлгөн. Ушул нуктагы тарбия, б.а. адептик тарбия жана адептик маданият эзелтен калыптанып, өзүнчө бекем түптөлүп калган салттуу адептик дөөлөттөр системасы – «Манас» эпосунда жашап келет. Эпостогу адептик маданияттын чагылдыруусун талдоодон мурда «адеп» жана «этика» түшүнүктөрүнүн маани-маңызып ачыктап алуу зарыл.

Эгерде бул сөздөрдүн түпкү маанисине көңүл бура турган болсок, Х.Карасаевдин «Камус наама» аттуу сөздүгүндө адеп – жүрүм, жүрүм-турум; сылыктык деп берилет. Ал эми адеп ахлак – жүрүм-турум, кулк-мүнөз дегенди билдирет [8, 28-б.]. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «адеп» – ызааттуу, тартиптүү жүрүм-турумдун, өзүн алып жүрүүнүн нормасы, сылыктык деп берилет. Адептүү – адеп сактай билген, тарбиялуу, адеби бар, сый-сыпаттуу, өзүн өзү кармай билген деген маанини берет. Ал эми адепсиздик – адеби жоктук, башкаларды ызат кылбагандык деп түшүндүрүлөт [9, 26-б.]. Чындыгында, «адеп» түпкүлүгүндө коомдо түптөлгөн тартип эреже-талаптарынын, ыйман нормаларынын, баалуулуктардын чегин айкындоочу түшүнүк. Адамга ар качан анын башка адамдар менен болгон мамилесине, коомго жасаган мамилесине, андагы жакшылык-жамандык, абийрдүүлүк-уятсыздык, айкөлдүк-мыкаачылык деген адептик-этикалык карама-каршы түшүнүктөрдүн негизинде баа берилип келген.

Адеп түшүнүгүнүн таалим тарбия иши менен түздөн түз байланышта экени шексиз. Этнопедагог А. Алимбеков «адепти» төмөндөгүчө аныктайт: «Адеп дегенде адатта коом тарабынан иштелип чыккан норма, эреже салттарды түшүнө-

бүз. Адамдын жасаган иши, пейили, башкаларга мамилеси дал ошол түшүнүктөрдүн негизинде бааланат. Демек, адамдын адептүүлүгүн анын аң сезиминин, пейилинин, жүрүм турумунун, адат салттарынын коомдо кабыл алынган эреже салттарга дал келиши катары кабылдоо туура. Адептүүлүк нормаларды адамдардын кыйшаюусуз сактоосун көзөмөлгө алуучу эң күчтүү каражат – коомдук пикир, элдин назары» [2, 34]. Демек, адеп түшүнүгү коом менен айкалышкан мааниде каралып, эреже-салттардын чегинде иштелип чыгып калыптанган жүрүм-турум нормаларын билдирет.

Ал эми «этика» – белгилүү бир таптын, коомдук топтун, кесипчиликтин жүрүш-туруш, адептүүлүк нормаларынын жалпы жыйындысы дегенди билдирет [11, 1444-б.]. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «этика» – 1. коомдук аң сезимдин бир формасы болгон мораль, адептүүлүк жөнүндөгү философиялык окуу. 2. Белгилүү бир таптын, коомдук топтун, кесипчиликтин жүрүш туруш, адептүүлүк нормаларынын жалпы жыйындысы, моралы – деп берилет [8, 772-б.]. Мындан сырткары, бизди кызыктырган «элдик этика» деген түшүнүк да бар. Ал «туруктуу жана жалпы кабыл алынган жүрүм турум эрежелери» дегенди билдирет. Элдик этиканын элементтери улуттук салттар жана үрп адаттар менен тыгыз байланышта болот жана ар бир адамдын жүрүм турумун көзөмөлдөөнүн жамааттык формасы болуп эсептелет. Элдик этика этникалык идентүүлүктү сактоо менен бирге андагы бир катар эрежелер адам жашаган чөйрөгө жараша классификацияланат: саламдашуу, коштошуу; конокко баруу жана конок күтүү, дасторкон алдындагы эрежелер, ар түрдүү муундардын ортосундагы өз ара мамиле, үй бүлө мүчөлөрүнүн, тууган туушкандардын өз ара мамилелери ж.б. [10, 295-б]. Чындыгында этика, өзгөчө элдик этика түшүнүгүнүн маңызы, жогоруда берилген адептин аныктамаларынын маанисине жакын келет. Анткени, элдик этиканын эрежелери (меймандостук, улууларга жасалган мый мамиле, адамдардын ортосундагы мамилелер) адептин элементтери менен чектешет. «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык идеяларды талдоого алган К. Жумалиевдин айтымында, «Манас» эпосундагы оң каармандардын, мисалы, Бакай, Алмамбет, Кошой ж.б. ойжүгүртүүлөрү, насааттары этикалык мааниге эгедер, себеби бул каармандардын берген нарк насили – адам турмушун туура баштоонун негизги жоболору, адеп-ахлак, нарк-насилге ээ болуунун жолдорун камтыйт. Окумуштуунун пикирине таянсак, «Жүрүш-туруш менен жан дүйнөнүн тең келип, өзүнчө гармонияга ээ болушунун өзү этикалык мааниге ээ [4, 129-б.]. Ырасында, адам баласынын адептик сапаттары тууралуу сөз бүтпөйт, ал эми адамдын ошол сапаттарга ээби же «коомдук талаптан» улам гана өзүн адептүү алып жүрүүгө мажбурбу деген суроолорго жооп бере алганыбызда адептик этиканын маңызын көрө алабыз, б.а. адамдардын сырткы турпаты менен ички жан дүйнөсү, айткан сөзү менен кылган иши дал келгенде, аны адептик-этикалык идеал инсан деп атоо мүмкүн.

Адеп түшүнүгүнүн тарбиялуулук, ыйман, акыл-эс, зиректик, мээнеткечтик, мекенди сүйүү сезими, коомдогу эреже-нормаларды сактай билүү, жүрүм-турум сыяктуу бир катар түшүнүктөрдөн тураары жана бул алкактын улам кеңий бериши баарыбызга маалым. Жогоруда белгиленген адеп жөнүндөгү өзөктүү аныктама жана чечмелөөлөрдүн негизинде «Манас» эпосунун чегинде такталган адептик дөөлөттөрдүн белгилерин бир нече компоненттерге бөлүп кароону туура таптык. Алар төмөндөгүдөй иретте берилет: ата-эне, мекен, эне-тил, акыл жана билим, эмгек жана коомдук адеп.

Бул компоненттер өз ара тыгыз байланышта болуп, бир бүтүн катары бириккенде адеп түшүнүгүнүн толук мүнөздөмөсүн бергендиктен, алардын ар бирине кыскача токтолуу зарыл.

Кыргызда «Ата-энеңди сыйласаң өз балаңдан жакшылык көрөсүң» жана «Энесин сыйлаган элге жагат, атасын сыйлаган абийир табат» деген сыңары, ата-энени сыйлоо, урматтоо жана жашоодогу эң жакын адамдар экенин аңдай билүү адептүүлүктүн башкы көрсөткүчү болуп эсептелгендиктен, изилдөөдө «ата-эне» адептин биринчи компоненти катары каралат.

Жашоонун башаты, үй бүлөнүн негизги тиреги, касиеттүү куту жана чолпон жылдызы болуп эсептелген эненин сүтүн актоо – унутулгус карыз болуп эсептелет. Ата эненин ыйыктыгы жана улуулугун «Эненин эмгеги эки дүйнөдө эстен кетпейт, ата кадырга жетпейт» деген макалдын даңазалаары шексиз. Ал эми ата өзүнүн жүрүм туруму, акыл насааты менен балага үлгү, таянаар тиреги болуп, баласынан ак батасын аябайт. Бул тууралуу кыргыздын «Ата кебин эшиткен уул адеп тутат», «Ата сөзү – акыл, ага сөзү – асыл», «Ата сөзү – алтын, көңүл коюп уксаң, ата сөзүн укпасаң, ажырайсың журтуңан», «Ата сөзү уулга эм», «Аталар сөзү – акылдын көзү» деген макалдарынын түпкү тарбиялык мааниси төмөндөгү идеаларды камтыйт. Ар бир уул-кыз ата-эненин көңүлүнө азар бербестен, алардын жүрөгүн кайгы менен азапка кириптер кылбастан, ата-энени сыйлоону, урматтоону, алардын көңүлүн оорутпоону, ата-эне берген таалим тарбияны сактап, өз балдарын өстүрүүдө ошол таалимден пайдалануу; ата-энеге өзгөчө карылык куракtарында жакшы мамиле кылууну; сапарга чыгуудан мурда алардан уруксат суроону; алар бул дүйнөдөн

өткөндө калтырган осуяттарын аткарууну башкы милдет деп билиши зарыл. Ушул пикир түрк тилиндеги алгачкы энциклопедиялык чыгармалардын бири Жусуп Баласагындын санат-насыят түрүндө жазылган чыгармасы «Куттуу билимде» төмөндөгүчө берилет:

«Ата сөзүн ардакта, ыйык карма,
Кут тутуп, бактың артат күндө анда.
Ата-энеңди кубантсаң угуп сөзүн,
Жүз эселеп аласың өзүң кайра!» [6, 149-150-б.б.].

Кыргыздарда ата-эне жана баланын ортосундагы ыйык мамиле, бири-биринин алдындагы эки тараптуу парз жана жашоосундагы орду баа жеткис дөөлөт катары бааланаарын белгилеп кетүү зарыл. «Манас» эпосунда Манастын мансапка жана атак-даңкка алданып же дүнүйөгө берилбеген айкөлдүгүн аны жарык дүйнөгө алып келген ата-энеси, акылы тунук, алысты ойлогон, кара кылды как жарган Кошой, Акбалта, Бакай өңдүү калыс, нускалуу, даанышман карыялар жана ошондой эле Манастын өзүнүн, ата-энеси менен болгон эки тараптуу жоопкерчилик сезими, бүтүндөй элдин алдындагы милдети, аларга болгон сый-урмат сезими жаратты.

Ата-энеге көрсөтүлгөн ызаат, урмат сый өз перзентинен кайтарылат деп айтылат. «Атадан жакшы туулса эшиктен төргө сүйрөөр, жаман туулса төрдөн көргө сүйрөөр», «Атанын баркын көзү барда билбейт, балалуу болгондо билет», «Атанын кадырын билбеген баланын башы кор болот» деген макалдарда таасын туюнтулгандай, кыргыздарда ата-энени карабай коюу өлүмгө теңелет. Анткени мындай жүрүм турум ошол эле адамдын эмес, бүт уруунун, элдин абийрине шек келтирген жаман адат катары бааланат. Демек, адептүү уул-кыз эч качан ата-энесин кароосуз таштабайт, өзгөчө сый мамиле жасайт жана айткан сөзүн, осуятын, керээзин аткарбай койбойт. Кароосуз калган ата-эне үй-бүлөнүн ураганын билдирет, ал эми урап калган үй-бүлө муундардын ортосундагы байланыштын үзүлүшүнө алып келет. Муундардын ортосундагы байланыштын жоктугу мекендеги ички ынтымакты, патриоттук сезимдерди аксатат.

Үй-бүлөдө ата-энеден сырткары сый урмат мамилеге муктаж аксакалдар да бар болгондуктан, алардын орду ата-энеден да жогору болуш керек. Кыргызда «Карысы бар кедей – бай кедей» деп айтылгандай, калк карылары өзгөчө сыйлуу «коноктор» болуп эсептелип, аксакалдарды сыйлоо, аларды улуктоо, дайыма төрдөн орун берүү адаты өтө жогору бааланат. Төрдөгү орун тууралуу К. Жумалиев өз оюн төмөндөгүчө ачыктайт: «Көчмөн коомдогу социалдык байланыштардын өзгөчөлүгүн эске алсак, анда төр формалдуу гана сый орун эмес, ал – улуулардын коомдогу ордунун өзгөчө социалдык этикалык мазмунга гана ээ болгон чен өлчөмү» [4, 50-б.]. Мына ошондуктан, өзүнөн улуу адамдын алдынан кыя өтүү же көзүнө тик кароо жеткен адепсиздик болуп эсептелип, улуу кишинин кадырын теңине албагандыкка жаткан. «Сен сыйласаң карыңды, кудай сыйлайт баарыңды», «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көбөйөт» деген макалдарда белгиленгендей, кыргыз эли «Карыдан бата алса өмүрү узарып, багы ачылат» деген эл ичиндеги ишенимди бек тутуп келишкен. Анткени көйгөйлүү чоң маселелер илгери калк карыларынын кеңештери жана ак баталары менен чечилип келген. Алсак, Манас эпосунда кандай маселе болбосун:

«Алмамбет, Бакай, келчи, - деп, -
Айланы кандай кылабыз?
Эми акылын таап берчи?» – деп калың эл калк карыларына кайрылып келишкен [12, 254-б.].

Мына ушундайча кыргыз элинин салттуу педагогикасында ата-энени, улууларды урматтоо таалими мекенди сүйүүгө, коргоого, өркүндөтүүгө үйрөтүү менен тыгыз байланышта каралат. «Манас» эпосундагы мекен сүйүүсү жөнүндө С.Каралаевдин варианты боюнча жазылган баатырдык эпостун түзүүчүлөрүнүн бири А.Жайнакова мындай дейт: «Эпостун эң бир артыкчылыгы – ал камтыган тема, көтөргөн элдик идея өлбөс-өчпөс түбөлүктүүлүгү менен кылымдар бою актуалдуу. Качан болбосун бирөөлөрдүн алдында тизе бүкпөй, тең ата жашоо, жашаганда да жыргал турмушта жашоо, ынтымакта биргелешип өз Ата Мекенин жат душманга тебелетиптепсетпей жашоо эпостогу элдик идеал. Эпос ошонусу менен ардактуу. Ал ким тарабынан, кандай вариантта айтылбасын, анын башкы максаты эл-жердин эркиндиги үчүн тик турган, анын туусун ыйык сактаган өз уулдарынын ишаракетин сыймык менен даңазалоо» [15, 12-б.]. Ырас, эпосто кыргыздардын жат элдин баскынчыларына каршы болгон күрөшүнөн байкалган эркиндикке болгон сүйүүсү жана аскердик-патриоттук руху өзгөчө таасын көрсөтүлөт. Ушул өңүттөн алып караганда «Манас» кыргыз эли үчүн жаш муунду намыскөйлүк жана чынчылдыкка, кайраттуулук жана туруктуулукка тарбиялоонун каражаты болуп эсептелет.

Алсак, Кытайдан жоо келет деп коркуп турган Жакыптын элди жыйнап Алтайдан Анжиянга көчүү, чегинүү сунушуна Манас тайманбай мындай жооп айтат:

«Алым келсе аламын,
Ажалым жетсе арамдан
Акыретке барамын!
Кара оорудан катпайбы,
Мага окшогон балдарды
Кагын алып жатпайбы.

Чегилбей чечек албайбы,
Жер кучактап калбайбы.
Жашым жаңы жыйырма төрт,
Жаанга салып кызыл өрт
Жолдо болсун изибиз,
Жоодон болсун ишибиз!
Көктө болсун жаныбыз,
Көөкөрдө болсун каныбыз!» [13, 21-б.]. Эр Манас анын пир туткан бийик баалуулугу, ыйык көргөн парзы – элдин кызыкчылыгы, бейпилдиги, мекендин эркиндиги, журттун ар намысы экенин жалпыга билдирет жана ушунун баары анын ыйманынан жана баатырдык адебинен жогору дөөлөт экенин далазалайт. «Манас» эпосунун кубат күчү, таалим-тарбиясы учурдун талабына жараша кыскача сабак, насаат формасында жазылган «Манастын жети осуятынын» жетинчиси төмөндөгүчө туюнтулат: «Кыргыз мамлекеттигин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо». Кыргыз элинде «Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи», «Баатыр үйдө туулат, жоодо өлөт», «Жоодо өлгөн салтанат, үйдөн өлгөн жаман ат» деп айтылган сыңары, кыргыз атуулунун турпаты баатырдык намыскөйлүктүн жогорку чектери менен өлчөнүп, бааланат. Ата-бабалардын да бүткүл өмүрү мына ушул асыл максатка арналган. Ал эми Манастын адептик этикалык философиясына өзүнүн керт башынын гана камын ойлоо, элдин тагдырына болгон кайдыгерлик жат көрүнүш. Ошондуктан кыргыздын эркиндигин, көз карандысыздыгын, өз алдынчалыгын сактап калуу идеясы бул осуятта берилип отурат.

Демек, патриоттуулука тарбиялоо иши максаттуу болуп, туура багытка коюлуусу керек. Эпосто кыргыз элинин патриоттуулугу башка элдерге эзелтен белгилүү болуп келген, алсак, кыргыздарды басып алам деп өжөрлөнгөн Шоорук кан Манастын колунан жеңилип калып, кыргыз элинин мекен сүйүүсү менен жашаган эл экенин айтып мындай дейт:

«Нуркталып калган эл экен,
Ушу күндө бу кыргыз
Урушка туулган неме экен.
Түптөлүп калган эл экен,
Түк качпаган өлүмдөн
Дүмөккө туулган эме экен» [12, 166-б.].

Жогорудагы саптардан көрүнүп тургандай, мекен үчүн өз жанын курмандыкка салуу, өлүмгө тике кароо түрк элдеринде жогору бааланат, анткени элинин эркиндиги, жеринин көз карандысыздыгы, эне тилинин тепселенбей түбөлүк өмүр сүрүүсү үчүн жанын берген адамдын артында ыйык аты жана жасаган эрдиги калат.

Улуттун өз эне тилинин унутуусу мекен сүйүүсүн, атуулдук аң сезимди бара-бара түп тамыры менен жок кылат. Кыргыз эли байыртадан сөз баккан эл. Акылман эл сууну төккөн эмес, сөздү сөккөн эмес. Сөздүн ыйыктыгына баа берип, сөзгө жыгылышкан. Адам баласынын акылы, күчү, өзгөчө куралы катары каралган эне тил жана ошондой эле орду менен айтылган сөз адептин, акыл жөндөмүнүн көрсөткүчү катары кабылданып келген. Буга «Тил – акыл таразасы», «Тил –ойдун сандыгы», «Акылдуу – тили менен, акылсыз – колу менен», «Сөз – элдин кенчи, чөп жердин кенчи», «Кеп наркы – калк наркы», «Акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска», «Кеп байкаган кесем, сөз байкаган чечен», «Макалдатып сүйлөгөн акылмандын белгиси» деген элдик макалдар күбө боло алат. Б. Исаков: «Кыргыз элинин тили «Манаста» сакталган. Эпос өзүнчө эле бир улуттун тил казынасы кебетелүү. Демек, «Манастын» тили – кыргыз элинин тили» деп билдирет [7, 58-б.]. Ал эми кыргыз элинин жаш муундарды тарбиялоосундагы эне тилдин орду, элдин көркөм сөз өнөрүн баалоосу, ага кызыгуусу, эне тилдин кереметкенч казыналарын өздөштүрүүгө болгон ыкласы, ынтаасынын себебин А. Алимбеков мындайча түшүндүрөт: «...басмасы жок кыргыз эли үчүн аздектегени, акыл тажрыйбаларын топточу, сактоочу казына да, аларды соңку урпактарга мурастоочу каражат да эне тил болгон» [1, 24-б].

Сөздү орду менен сүйлөө да элдик этиканын, адептүүлүктүн эң башкы эрежеси, жобосу катары каралат. Бул эреже-жобо «Эки жолу угуп, бир жолу айт», «Аз сүйлөсөң да, саз сүйлө», «Аркандын узуну, сөздүн кыскасы жакшы», «Дааналык менен кыскалык – сөздүн көркү», «Көп сөз – көмүр сөз, аз сөз – алтын сөз» деген макалдарда таасын бекемделген. Эпостон мисал келтире турган болсок, Жакып Каныкейди биринчи жолу көргөндө жаш кыздын сөзгө каныктыгын байкап келечекте жолдошунун чыныгы колдоочусу, тиреги, жөлөгү болоорун:

«Бекемдик жайы бар экен,
Болжогондой сөзү бар,
Болор кепти бир айткан,
Чечендик жайы бар экен» деп болжолдойт

«Эне тилин сүйбөгөн элин сүйүп жарытпайт, эне тилин билбеген эси жогун аныктайт» демекчи кыргыз элинде эне тилин билбегендик адепсиздиктин жана наадандыктын белгиси катары каралуу менен бирге, акыл жана билимдин деңгээлин аныктоочу көрсөткүч болуп эсептелет. «Алтын чирибейт, акыл азбайт», «Акыл байлыгы – азбас байлык», «Акыл – алтын, ой – күмүш», «Акыл – деңизден терең, билим – тоодон бийик», «Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кенч», «Акыл сокурга көз, өлөсөгө жан, дудукка тил боло алат» деген макалдарда чагылдырылгандай, акыл жана билим кыргыз эли үчүн өзгөчө

баалуулук, байлык жана күчкө теңелип, адептик дөөлөт катары кабылданат.

Кыргыздарда айтылган «сөзү жатык ширинден, акылы артык билинген» деген мүнөздөмө айтып турган сыяктуу «Манас» эпосунда, өзгөчө аялзатынын акыл-эси жогору бааланат. Алсак, Каныкейге берилген: «Оюн терең жиберип», «Үзүлгөнүн улаган», «Ыраазы кыла сөз айткан», «Кылган иши баары амал», «Он асыйга тең экен» деген мүнөздөмөлөр анын акылман аял экенинин далили боло алат. Мына ушул сыңары, бай Жакып келин издеп Бухарага келгенде жергиликтүү элден кеп угат. Көрсө шаарда белгилүү саатта кыздардын баары мечитте тажрыйбалуу тарбиячылардан таалим алышат экен. Калган кыздар менен чогуу Санирабига да таалим алат. «Дүйнө, адам, жашоо жөнүндөгү коом тарабынан кылымдар бою топтолуп келген тажрыйба жана билимди алган Каныкейдин акылы мына ушундай реалдуу мотивдер менен аныкталат» [3, 60-б.]. Курбулары менен ойноп жүргөн Каныкейдин алма үзүп, аны бирдей «үлүштөргө» кесип, достору менен тегиз бөлүшүп жегенин көргөн Жакып болочок келининин турмушка тыңдыгы, тапкычтык жана эптүүлүгү, ошондой эле ар бир курбусуна жасаган калыстык жана камкор мамилеси менен айырмаланаарын байкайт:

«Жетишпедим» – дегенге
Жеңин кесип бергендей
Берендик жайы бар экен». Каныкейдин чын дили, колунун ачыктыгы, берешендиги, зиректиги анын адептик-этикалык сапаттарынын «арсеналынын» бир бөлүгү гана болуп эсептелет.

Кыргыздардын көчмөн жашоо образында балдарды тарбиялоодо эмгек таалими акыл жана билим менен шайкеш мааниде каралган. Алсак, «Манас» эпосунда кыргыздарды басмырлап келген калктар мындай дешкен:

«Бул буруттун ырымы
Үчтөн-төрттөн көрүнөт
Атына таккан жырымы.
Заңгел тоону жердеген,
Бет алып менде жеңбеген,
Кароолдоп жолун чалбаган,
Эңкейтип киши албаган
Мээнет баскан эл экен» [15, 37-б.]. Ырасында, өнүгүп өркүндөөнүн, өсүүнүн туундусу мээнет, акыл-эс жана билимден куралаары баарыбызга маалым. Ошондуктан, кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгек тарбиясы баланын адептик сапаттарын өркүндөтүүгө багытталып келген. Эмгектин жана акыл-эстин маанисинин «Манас» эпосунда чагылдырылышы жөнүндө С.Байгазиев мындай дейт: «Эмгек – «Манаста» биринчи иретте, нравалык категория, адамдын адеп-ахлагын баалоонун критерийи иретинде жашап турат. Ал адамдын жан дүйнөсү, ой сезими, максат-мүдөөсү менен жуурулушуп, адамдын адамдыгын аныктоочу көрсөткүчкө айланган» [5, 11-б]. Демек, акыл эсти, билимди пайдаланып эмгектенүү аркылуу татыктуу, таалайлуу жашоого жетүүгө болот. Бул жөнүндө «Манас» эпосунун негизинде Б.Исаков тарабынан түзүлгөн «Манастын жети осуятынын» төртүнчүсүндө «Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу» деп да айтылат. Мындан сырткары «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң», «Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет», «Адам ишинен билинет, акылман сөзүнөн билинет», «Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болот», «Байлыктын атасы – эмгек, энеси – жер» деген ж.б.у.с. кыргыздын макалдары аталган осуятты толуктап турат.

Адал эмгек, тырышчаактык, мээнеткечтиктин артынан бакытка жетүү кыргыз элинин жашоосунун маани маңызын түзүп келген жана мунун максаты – үй-бүлө, бир туугандар, жалпы журттун бейпилдиги болуп, коом менен чогуу ишке ашырылган. Мындай дүйнө тааным кыргыз элинин «коллективист» эл, б.а. жамааттык башатты жогору коюп, коомдук принциптер менен жашаган эл экенинен кабар берээри шексиз. Мисалы, «Манас» эпосунда кыргыздар «кырк үйлүү кыргыз журт элек» деп аз сандагы калк экенине карабастан, бири бирине күйүнгөн эл катары жашап келгени тууралуу белгиленет. «Үйүр сагынбас ат болбойт, эл сагынбас эр болбойт» дегендей, кытай жана кылмактар тарабынан жанчылып, туш-тушка ыдырап чачыраган кыргыз эли ар башка жерде баш калкалап күн көрүп жүрүп да, бири-бирин издеп табууга аракет жасашат. Жакып менен анын агасы Бай бир канча жылдан кийин жолугуп, бири-бирин табышканда Бай Жакыптан: «Балаң барбы?» - деп сурайт. Ошондо Жакып «Балам бар, Жараткан болсун жар, Эл журтумдун жогунан дүйнө мага тар» деп жооп берет [12, 58-б.].

Ошентип коомдук адептин дагы бир көрсөткүчү катары ички ынтымак да биринчи орунда турат. Манастын биринчи осуятында «Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги» деп айтылат. Эпостун эң башкы идеясы – Манас баатырдын өз элин, уруусун, мекенин сактап калуу максатында кол салган душмандардан коргоно билүү үчүн ички биримдикти бекем сактоо. Ошодуктан, калк ичиндеги бөлүнүп-жарылуулар, ич ара келишпестиктер, бири-бирин түшүнбөй ыдырап чачыроодон сактануу жана элдин жок болуусун алдын алуу иретиндеги эскертүү бүгүнкү күндө да ушул осуяттын муратында жана ошондой эле «Эл жүзүн бургандан, теңир жүзүн бурат», «Бөлүнгөндү бөрү жейт», «Ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол», «Энеге жакка-

ның – балалык, элге жакканың – адамдык» деген макалдарда кылымдардын кыйырынан угулуп турат. «Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтыкка» чакырган Манастын экинчи осуятынын да мына ушул пикирге тикеден тике маанилик байланышы бар. Кыргыздын «Ынтымак жок үйдө ырыс жок», «Ырыс алды – ынтымак, ыркы жокко конбос бак», «Колдошуп көтөргөн жүк жеңил», «Ынтымагы бар элдин калага карды ток болот», «Ынтымагың болбосо, ит менен кушка жем болорсуң» деген макалдарында таасын белгиленгендей, элдин көз карандысыз, өз алдынча күчкө ээ болуусу үчүн Манас эң обол калкты ынтымакка чакырат. Абалдан келаткан асыл мыйзам ченемдүүлкүтөрдүн бири катары ынтымакты, достукту баалай билген эл гана оор күндөрдө бирине бири тирөөч болуп, колмо-колдоп жардамдашып, башка түшкөн кыйын кыстоо чактарды өткөрө алат.

Коомдук адептин дагы бир көрүнүктүү жана ажырагыс элементи – меймандостук. Мейман тосуу кыргыздарда эң ыйык салттардын бири катары эсептелинет. Кыргыз өз коногун сыйлоону үй-бүлөнүн намысы деп билет. «Мейман – бул кудайдын сүйгөн адамы» дейт кыргыз макалы.

Ушул сыяктуу конок күтүүдөгү эреже талаптарды Каныкейдин мисалында түшүндүрүү мүмкүн. Мисалы, Манас Бээжинге баратканда Каныкей чоролор жана аскерлердин кайтып келер күнүн сурап:

«Кажыбай жоого тиерге
Жогу болсо табайын,
Жолдошуң сайын бир-бирден
Сарпайы кийит жабайын.
Коноор болсоң, аныңды айт,
Түштөнөөр болсоң, жайыңды айт.
Капилетке калбайын,
Конок ашын камдайын» [14, 89-б.] дейт.

Себеби жоодон келген аскерлердин алдан тайып келээрин билген Каныкей алардын келишине тийиштүү даярдыктарды көрүп жетишүүсү керек экенин жакшы баамдап билет. Калкынын бейпил жашоосу үчүн күрөшкөн баатырлар жоого кете элек туруп, аларды сыйлуу конок катары тосуп алуунун санаасын тарткан Каныкей:

«Четинен кармап союуга,
Ачыгып келсе аскериң
Дасторконго коюуга
Согумун камдап алайын,
Келген замат астына
Дасторконум салайын,—
Кайтар маалың кайсы маал?
Кабарын аяш, айтып сал!» [14, 108-б.] дейт.

Демек, көпчүлүк түрк калктары сыяктуу эле, кыргыздар да коомдун кызыкчылыгын жогору койгон инсанды адептүү, ал эми эли-журтунан алыс калган кишини бактысыз деп эсептешкен.

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» эпосунун элдик-педагогикалык программасынын маанисинин өзгөчө күчү, маңызы жана баалуулугу эпостун адептик-этикалык тарбиялык маданиятын чагылдырган идеяларынын ичинен ата-эне, мекен, эне-тил, акыл жана билим, эмгек жана коомдук адеп сыяктуу негизги багыттарынын ортосундагы байланышта жатат. Аталган багыттары өз алдынча турган түшүнүктөр эмес, тескерисинче бири-бирин толуктап, байланыштырып турган элементтер болгон үчүн «Манас» эпосунун элдик-педагогикалык программасынын мааниси өзгөчө күчкө, маңызга жана баалуулукка ээ.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берү салттары. Респуб. мугалим. адис. берүчү жогорку, орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. Б.: «Педагогика». 2001. 44 бет.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы: I бөлүк. Б.: 1996, - 77 б.
3. Бекмухамедова Н.Х. Эволюция женских образов эпоса «Манас». – Б.: «Эркин-Тоо», 1997 – 119 б.
4. Жумалиев К. «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар: Жогорку окуу жайларынын студенттери жана кыргыз адабияты мугалимдери үчүн. Б.: 1999 – 264 б.
5. Байгазиев С. Бала Манастын инсан катары калыптанышында эмгек тарбиясынын ролу. Б.: 2012, 47 б.
6. Баласагын Ж. Куттуу билим. Дастан./Байыркы түрк тилинен котор. Т.Козубеков; Б., 2011. 488 б.
7. Исаков Б., Чоюнбаев О. Айкөл Манастын калыптанышы. – Б.: – «Гүлчынар». – 2008. – 228 б.
8. Карасаев Х. Камус наама: Араб, иран, кытай, монгол, орус тилдеринен оошуп келген сөздөр жана көөнөргөн сөздөр. – Б.: Шам, 1996. – 856 б.
9. Кыргыз тилинини түшүндүрмө сөздүгү. Ред. Э.Абдулдаев, Д. Исаев. Кыргыз ССР Илимдер Академиясы, Тил жана адабият институту. – Ф.: «Мектеп», 1969. – 622 б.
10. Крысько В.Г. Этнопсихологический словарь.- М., 1999.- 343 б.
11. Кыргыз тилинин сөздүгү. – Б.: «AVRASYA JAYINCILIK», 2010. – 1460.
12. Манас. Биринчи бөлүк. I китеп. – Фрунзе: Кыргызмамбас. – 1958. – 343 б.
13. Манас эпосу. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. II-к. Ф.: Кыргызстан, 1980. -452 б.
14. Манас эпосу. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча IV-к. Ф.: Кыргызстан, 1982. – 368 б.
15. Манас: С.Каралаевдин варианты б-ча / Түз.:А.Жайнакова, А.Акматалиев – Б.: «Турар», 2010. – 1008 б.